# КЫРГЫЗСТАНДА 2010-2014-ЖЫЛДАР АРАЛЫГЫНДА ТЕЛЕ БЕРҮҮНҮН ӨНҮГҮҮ ТЕНДЕНЦИЯСЫ

**АКМАТБЕКОВА Ж.А.**

*Кыргыз-Түрк «Манас» университети*
**УДК.316.77(094)**

***Аннотация:*** *Бүгүнкү күндөгү медиатармагындагы изилдөөлөргө таянсак, 2010-2014-жылдар арасында телекөрсөтүүдө олуттуу өзгөрүүлөрдү байкоого болот. Телекөрсөтүү программаларынын мазмуну, форматы, сапаты жана аудиториянын пикири, айрыкча 2012-2013-жылдары жүргүзүлгөн медиа изилдөөлөрдүн жыйынтыктары муну аныктап турат.*

***Аннотация:*** *Согласно медиаисследованиям, в 2010-2014-годы в области телевидении было значительное улучшение.Содержание,формат, качествотелевизионных программ идея аудитории, особенно результаты исследования, проведенного в 2012-2013 гг. это доказывает.*

***Abstract:*** *Accordingtomediaresearches,in 2010-2014, in thefield of television, therewas a significantimprovement. Thecontent of televisionprograms, the format, quality, the idea of theaudience, especiallytheresults of a studyconductedduring 2012-2013, prove it.*

***Урунттуу сөздөр:*** *телекөрсөтүү, медиа изилдөө, кайтарым байланышы.*

***Ключевые слова:*** *телевидение,медиаисследования, обратная связь*

***Key words:*** *television, mediastudies, feedback*

## Кыргызстанда 2010-2014-жылдар аралыгында телеберүүнүн өнүгүү тенденциясы

Кыргыз телеберүүсүнүн эволюциясын изилдөөдө Кыргыз Республикасынын бүгүнкү жана кечээки тарыхына кайрылууга туура келет. Себеби, 70-жылдан ашык СССРдин курамында болуп, коммунисттик идеология менен жашап келди. 1991-жылдан кийин гана көз карандысыз мамлекет болуп жарыяланды. Демек, кыргыз телеберүүсүнүн тарыхын да бир канча этаптарга бөлүп кароого болот:

1. 1959-1991-жылдары кыргыз телеберүүсүнүн түзүлүшү жана өнүгүү этабы.
2. 1991-2005-жылдары суверендүү Республика мезгилиндеги кыргыз телеберүүсү, мамлекеттик эмес телеберүүлөрдүн пайда болушу, берүүлөрдүн алгачкы коомдук-саясий мазмуну ж.б.
3. 2005-2010-жылдары кыргыз телеберүүсүнүн андан ары өнүгүшү, тарыхый бурулуштар, телеберүү компанияларынын ээлеринин алмашуусу, берүүлөрдүн коомдук-саясий мазмуну ж.б.
4. 2010-жылдар жана азыркы учуру.

Кыргыз телеберүүсү 1950-жылдар Фрунзе телестудиясы болуп түптөлүп, өз мезгилиндеги маалымат таркатуучу каражат катары ошол мезгилдеги коомдун ар тараптуу өнүгүшүндөөз ролун мыкты аткаргандыгын айтууга болот. Ал учурда союздук республикалардагы телеберүүлөрдүн форматы Ленинграддык жана жалпы союздук телеберүүлөрдүн тажрыйбасына таянып, бир типтүү, жалпы жонунан окшош эле. Албетте ошол мезгилдеги тарыхый объективдүү жана субъективдүү жагдайларды эске алууга болот. Кыргыз телеберүүсү алгач сабаттуулукка үгүттөө процессинен баштап,социалдык-экономикалык, саясий, билим берүү, маданий жана саламаттыкты сактоо сыяктуу өлкөнүн ар тармактуу өнүшүгүндө өз функциясын мыкты аткарды. Бул тармакта жаңыдан жетилип кележаткан кадрларды даярдоо, алардын тажрыйба топтоо процессинде абдан чоң мүмкүнчүлүктөрдү түздү.

Суверендүү республика болгондон кийин кыргыз телеберүүсүнүн өздүк программаларынын саны, убактысы жана кыргыз тилинде даярдалган программаларынын

саны да көбөйгөн. Программалардын мазмуну жагынан да мурун интернационалдуу мүнөздүү чагылдырып келсе, 1991-жылдардан кийин социалдык-маданий жана маалымат чөйрөсүндө улуттук калоритти, өлкө ичиндеги проблемаларды чагылдырган программалар көрсөтүлө баштады. Албетте бул кадимки эле тарыхый көрүнүш болсо да белгилүү бир деңгээлде кыргыз коомунун келечекке болгон ой-пикирин өзгөрттү, иденттүүлүк сыяктуусезимдерин ойготту.

1991-жылдардан кийин өлкөдө жеке менчик компаниялар пайда болду. Аты эле айтып тургандай жеке компаниялар өз бюджетин өздөрү каржылоого тийиш эле. Андыктан бул компаниялар эфирдеги программалардан жана убакыттан киреше таба башташты. Экинчиден мындай ишканалар сутка бою эфирдик сетканы өздүк программалары менен толтура алышкан эмес. Россиянын айрым (ТНТ, НТС, РЕН ТВ ж.б.) телеберүүлөрү менен келишимдин негизинде алардын программаларын алып көрсөтүп турушкан. Мындай тенденция бүгүнкү күндө да байкалат.

1991-2005-жылдар аралыгында өлкөдөгү жалгыз азыркы КТРК каналы (МТРК) жалпы Кыргызстанга телеберүүлөрүн көрсөтүп турган. СССРдин башкаруу системасында калыптанып калган саясий көз караш дагы эле болсо өз таасирин тийгизип турду. Башкача айтканда, бул телеберүү мамлекет тарабынан көзөмөлдөнүп, программалар бир жактуу, монотондуу саясий көз карашты чагылдырчу. Кандай болсо да КТРК өз мезгилинде маалымат таркатуучу массалык маалымат каражаты катары өз функциясын аткарып келген. Кайрадан тарыхка кайрылсак, өлкөнүн абалы жалпы эле коомдук турмуш ММКга таасирин тийгизбей койгон эмес. 2001-жылдары көп тармактуу башкача айтканда, бир эле убакта телеберүү, радио жана гезиттерди жетекчиликке алган медиа ишканалары пайда болду. Албетте мындай ишкананын ээлери киреше алып келген бизнестин бир түрү экендигин жакшы билип калышкан жана жеке максаттарын ишке ашыруучу (бийликке умтулуу, коомго өзүн таңылоо, элге жакындоо аркылуу саясий упай топтоо ж.б.) курал катары кабыл ала башташты. Ошондой эле бийликке каршы пикирлерди билдирип турушту. Мындай иш-аракеттер бийликти башкарып тургандар үчүн ыңгайсыздыкты түзүп, алардын андан аркы ишмердүүлүктөрүнө тоскоолдуктарды жаратты. Бул учурда бийлик кайрадан каттоо, финансылык, салык иштери боюнча ж.б. текшерүүлөрдү жүзгүзүү аркылуу аларды “жең ичинен” тескөөгө өттү. Мындай ыкма айрым ишканалардын киреше алып келүүсүнө терс таасирин тийгизбей койгон эмес. Андыктан, ишканалар өз позициясын өзгөртүүгө дуушар болушкан. □лкөдө саясий башкаруучулук бир адамдын жана анын үй-бүлөсүнүн, жакындарынын кызыкчылыктарына айланып, алар медиа тармактарынын да ишмердүүлүгү көмүскө түрдө көзөмөлгө алынды. Мунун негизинде1999-2002-жылдар аралыгында медиа ишканалары жана бийлик өкүлдөрү арасында көптөгөн соттук араздашуулар болду.

Өлкөдөгү жалпы экономикалык жана социалдык жашоо турмуштун төмөндөп кетиши коомчулуктун нааразычылыгын күчөттү. Оппозициялык маанайдагы партиялар“шайлоо системасын өзгөртүү, президенттин ыйгарым укуктарын чектөө, өз алдынча күчтүү, жоопкер өкмөттү түзүү, көз каранды эмес ж.б. идеялар менен улам билдирүү жасап, коомду да бийликке каршы үгүттөп жатышты. Мунун жыйынтыгы Президенттин өлкөдөн чыгып кетиши менен аяктады.

Ошол мезгилдеги ММКларга карата сырттан жана ичтен берилген бааларды талдап, мындай тыянак берүүгө болот:

Бийлик өкүлдөрүнүн жана ММК ортосундагы соттук араздашуулар, бийликтин жана экономикалык жактан басым-кысымдардын болушу, ошондой эле өлкөдө маалымат булагы болгон телеберүүлөрдүн көз карандысыз болушу бул башка маселе, ал эми медиа ишканаларында жанажурналистика сферасындагы инфраструктуранын өнүгүшүнүн чабалдыгы, айрыкча жалпы ММКда профессионалдык журналистиканын стандарттары өнүкпөгөндүгү, теориялык жактан жана тажрыйбанын жоктугунан да кабар берет.

2005-2010-жылдардагы өлкөдөгү саясий, социалдык, экономикалык туруктуулук мурунку жылдардан анчейин деле айырмаланбады. Демек, журналистика чөйрөсүндө да

абал өзгөрбөдү. Тескерисинче, саясий карама-каршылыктарды, келишпестиктерди, чындыкты чагылдырууда айрым журналисттердин жеке өмүрүнө да кол салган, кедергесин тийгизген учурлар болду. Бул жерде баса белгилеп кетчү нерсе эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарында “заказчик журналисттер” тууралуу терс түшүнүктөн улам коомдо кандайдыр бир журналисттерге болгон “ишенбөөчүлүк”, “сыйлабагандык” сыяктуу көрүнүштөр байкалса, биринчи беш жылдыктан (2000-2005-жылдар) айырмаланып, экинчи беш жылдыкта журналисттер деги эле медиа ишканалары арасында кандайдыр бир деңгээлде коом алдындагы жоопкерчиликти биринчи планга коюу, чындыкты чагылдыруу, профессионалдуу-чеберчиликте тажрыйбаларын колдонуу, так маалыматты берүүгө умтулуу тенденциялары байкалат. Ошондой эле, коомдун да аларга болгон ишеними жана алардан талап кылган жоопкерчиликтери да артты.

2011-жылдан тарта бийлик тарабынан телеберүүлөрдө кандайдыр бир кысымга алуу, басым көрсөтүү болгон эмес. Бүгүнкү күндө “5 канал” телерадиокомпаниясы парламенттик жана “Пирамида” телерадиокомпаниясынын 100% үлүшү мамлекетке тиешелүү. КТРК Байкоочу кеңеши тарабынан көзөмөлгө алынат. Техникалык жактан мамлекеттик же коммерциялык болобу жалпы телеберүүлөр мүмкүнчүлүгү жетишинче заманбап техникаларын колдонууга аракеттенип жатышат. Бул багытта КТРК телеберүүсү 2017-жылга чейин цифралык форматка өтүү планынын үстүндө иштеп, бүгүнкү күнгө чейин пландалган бир топ алгылыктуу иштерди аткарды. Ошондой эле 2011-жылдан баштап “Журналист” коомдук ассоциациясы, Internews Network жергиликтүү жана дүйнө жүзүндөгү ММКна колдоо көрсөткөн мамлекеттик эмес уюму, Кыргызстандагы ММКнын кызматкерлеринин профсоюзу, Маалымат укугу борборунун ЖМКлар үстүнөн даттанууларды кароо комиссиясы ж.б.у.с уюмдардын жардамы менен жана атайын социалдык изилдөө компаниялары тарабынан ММКнын кайсы түрү болбосун социалдык изилдөөлөр жүргүзүлүп, мындай изилдөөлөр мезгил-мезгили менен кайталанып келет. Изилдөөлөрдүн жыйынтыгына карата телеберүүкомпаниялары толук бойдон аудиториянын кызыкчылыктарын эске алып, программаларды даярдап келишет. Бул Кыргызстандагы телеберүү тармагында абдан чоң жетишкендик болду.


Ал эми, берүүлөрдүн мазмунуна тууралуу сөз кылсак: Кыргызстан боюнча маалымат топтомун эң көп телеберүүдөн алышат жана ишенимдүү, маанилүү деп билишет [6]. 2012-жылы Кыргызстан боюнча орточо бир күндүк телеберүү аудиториясы боюнча КТРК каналы биринчи орунда турат, экинчи орунда ОРТ 1 каналы, андан кийинЭЛТР, НТС+НБТ, РТР каналдары турат.

Ал эми ушул эле көрсөткүч Бишкек шаары боюнча изилденгенде биринчи орунга ОРТ 1 каналы, НТС+НБТ, КТР, Сары-Өзөн-ТНТ, РТР каналдарын көрсөткөн.

Ушул эле көрсөткүч Ош шаары боюнча ОРТ, КТРК, ЭЛТР, Ош ТВ , “5-канал” болгондугу аныкталды. Кечки прайм-тайм убактысынын эң жогорку көрсөткүчү 19.00-23.00 сааттарын түзөт.


Кыргызстан боюнча эң мыкты программаларды алып көрсөтүү боюнча ОРТ 1 каналы (30%), КТР (14%), ЭлТр (13%), РТР (4%), 7-канал (3%), ал эми Бишкек шаары боюнча ОРТ (36%), Сары-Өзөн ТНТ (8%), РТР (6%), НБТ (5%), СТС (4%) тургандыгы белгилүү болду.

Төмөндөгү таблицада Кыргызстан боюнча телекөрүүчүлөр тарабынан эң көп жактырылган программар деп табылган.




1-сүрөт.Кыргызстан боюнча телекөрүүчүлөр тарабынан эң көп жактырылган программалар.


Ушул эле көрсөткүч (2-сүрөт) Бишкек шаары боюнча көрүүчүлөр тарабынан эң көп жактырылган программар деп табылган.




2-сүрөт. Бишкек шаары боюнча көрүүчүлөр тарабынан эң көп жактырылган программалар.

Салыштырып көрсөк, жалпы Кыргызстан боюнча жаңылыктарга болгон талап 41,1%ды берсе, Бишкек шаары боюнча 3,2%да гана көрсөткөн. Демек, шаардык тургундардын жаңылыктарды билүү үчүн бир гана телеберүүдөн эмес, башка да ММК каражаттарында колдонушат. Калган категорияларда анчейин деле айырмаланган көрсөткүчтөр байкалбайт.

Кыргызстан тууралуу жаңылыктарды кененирээк чагылдырган телеберүүлөрдүн салыштырмалуу көрсөткүчүнө токтолсок,



3-сүрөт. Кыргызстан тууралуу жаңылыктарды кененирээк чагылдыргантелеканалдар.

Алэмикийинкитаблицадаизилдөөлөрбоюнчаишенимдүүмаалыматтытаркаткантелеберүүлөрдүнсалыштырмалуукөрсөткүчүберилди.



4-сүрөт. Ишенимдүүмаалыматтытаркаткантелеберүүлөр.

Жыйынтыктарга таянсак, Кыргызстан тууралуу жана Кыргызстандагы эң ишенимдүү канал деп бүгүнкү күндө КТРК каналын айтууга толук негиз бар. Экинчи орунда ЭлТР телеберүүсү турат. Төмөндө телеберүүнүн тилдик өзгөчөлүктөрүнө токтолсок, жалпы Кыргызстан боюнча телеберүү кыргыз тилинде 77%, ал эми орус тилинде 75% болуп, анчейин деле айырмачылыкты бербейт. Ошол эле учурда, телекөрүүчүлөрдөн кайсы тилдеги берүүлөрдү жактырат элеңиз деген суроого төмөндөгүдөй жооптордун жыйынтыгы келип чыккан. Кыргыз тилинде 58%, орус тилинде 36%, өзбек тилинде 5%, башка тилдерде 1%ды көрсөткөн.

Бул көрсөткүч өлкөдө орус тилиндеги маалыматтардын 39%га басымдуу болуп жаткандагын белгилейт. Ошол эле учурда түштүк жергесинде өзбек тилиндеги берүүлөрүн 8% га көп экендигин айтууга болот.

Жыйынтыктап айтканда, Кыргызстандагы телеберүүлөрдү мамлекеттик жана коммерциялык деп бөлүп кароого болот. Коммерциялык телеберүүлөрдүн көпчүлүгү Бишкек жана Чүй аймактарында, Ош шаарында «7-канал» жайгашкан. Мамлекеттик телеканалдар коммерциялык берүүлөрдөн айырмаланып, Россиянын башка телеканалдарынан келишимдин негизинде программаларды алып көрсөтүшөт. Бишкек жана Чүй аймактарында орус тилдүү берүүлөр басымдуулугун көрсөтөт. Республика боюнча жалпы телекөрүүчүлөр жаңылыктарды биринчи орунга коюушат. Ошондой эле изилдөөлөрдө учурунда айрым программалардын ОРТ каналында көрсөтүлгөн берүүлөрдүн форматында же аларга окшош кыргыз тилиндеги альтернативдүү

берүүлөрдүн болушун каалагандыктарын да айтып, буга тиешелүү сунуштарды беришкен. Бишкек шаарында ММКнын көп түрдүүлүгүнөн жаңылыктарды башка ММКдан алуу мүмкүнчүлүктөрү жогору. Бүгүнкү күндө мамлекеттик КТРК каналын өлкөнүн күзгүсү деп айтууга толук негиз бар. Программанын мазмуну, тили, убактысы, жүргүзүлгөн изилдөөлөр жана ага карата кайтарым байланышы толук ишке ашырылып келет.

**Адабияттар:**


1 Ибраева Г.К., Куликова С.В. Кыргызстандагы массалык маалымат каражаттарынын өнүгүү тарыхы жана азыркы кездеги абалы. –Б., 2002. –236 б.

2 Кыргыз журналистикасынын тарыхы // Ж.Баласагын атындагы КУУ.Жооптуу редактор Ж.Бакашова. –Б., 2002. –208 б./

3 КТРКнын 2011, 2012, 2013-жылдардагы отчеттору

4 Мырзагулов. М.М. Электронный СМИ Кыргызской Республики вконтексте общественно-политических трансформации в XXI в. (2005-2006г.г.) // Вестник Санкт-Петербургского университета .Сер. 9.2007. Вып 2.Ч.II.

5 Ежегодник по правам человека в Кыргызской Республике за 2011год. / Совет по правам человека. – Б.: 2012. –188 б.

6 М-вектор консалтинг изилдөө компаниясынын 2011, 2012, 2013-жылдардагы отчеттору.www.m-vector.com

7 20 лет демократического развития в Кыргызстане: взгляд изнутри и извне/Перевод: Галина Сергунина. – Б.: 2012. –314 б.

8 http://vof.kg  Отчет КЗЖ «Нападения на СМИ 2007»